## ПЕДАГОГИКА ЖАНА ПСИХОЛОГИЯ

## ПЕДАГОГИКА И ПСИХОЛОГИЯ

## PEDAGOGY AND PSYCHOLOGY

*Кенешбекова Ажар Аскаровна,*
*аспирант,*
*К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети,*
*Кыргыз-Түрк «Манас» университети,*
*методист,*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,*
*E-mail: turkolog2008@hotmail.com*

*Искендерова Суусар Искендеровна,*
*филология илимдеринин доктору, профессор,*
*К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети,*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,*
*E-mail: suusar1953@mail.ru*

# ЗЕТ ЖАНА АЛЬФА МУУНУНУН БАЛДАРЫ, КИБЕРБУЛЛИНГ ЖАНА ЗАМАНБАП БАЛДАР АДАБИЯТЫ: ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК АНАЛИЗ

*Кенешбекова Ажар Аскаровна,*
*аспирант,*
*Бишкекский государственный университет имени К. Карасаева,*
*Кыргызско-Турецкий университет «Манас»,*
*методист,*
*Кыргызская Республика, город Бишкек,*
*E-mail: turkolog2008@hotmail.com*

*Искендерова Суусар Искендеровна,*
*доктор филологических наук, профессор,*
*Бишкекский государственный университет имени К. Карасаева,*
*Кыргызская Республика, город Бишкек,*
*E-mail: suusar1953@mail.ru*

# ДЕТИ ПОКОЛЕНИЙ ЗЕТ И АЛЬФА, КИБЕРБУЛЛИНГ И СОВРЕМЕННАЯ ДЕТСКАЯ ЛИТЕРАТУРА: ТЕОРЕТИЧЕСКИЙ И ПРАКТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ

*Keneshbekova Azhar Askarovna,*
*Postgraduate Student,*
*Bishkek State University named after K. Karasaev,*
*Kyrgyz-Turkish University «Manas»,*
*Methodologist,*
*Kyrgyz Republic, Bishkek,*
*E-mail: turkolog2008@hotmail.com*

***Iskenderova Suusar Iskenderovna,***
***Doctor of Philology, Professor,***
***Bishkek State University named after K. Karasaev,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***E-mail: suusar1953@mail.ru***

# CHILDREN OF GENERATION ZET AND ALPHA, CYBERBULLYING, AND CONTEMPORARY CHILDREN'S LITERATURE: THEORETICAL AND PRACTICAL ANALYSIS

***Аннотация:*** *Бул макаланын максаты – Зет жана Альфа муундарынын балдарынын өзгөчөлүктөрүн, мектеп чөйрөсүндөгү кибербуллинг маселесин жана заманбап балдар адабиятынын бул проблеманы алдын алууда жана киберкоопсуздукту камсыздоодогу ролун изилдөө. Изилдөөнүн методдору катары аналитикалык жана салыштырмалуу-теориялык ыкмалар колдонулуп, дүйнөлүк балдар адабиятынан айрым мисалдары каралат. Макаланын актуалдуулугу катары санариптик технологиялардын жана социалдык медианын таасири менен балдар арасындагы кибербуллингдин көбөйүшү, ошондой эле заманбап балдар адабияты аркылуу бул маселени чечүү мүмкүнчүлүгүнүн колго алуу зарылчылыгы белгиленет. Изилдөө көрсөткөндөй, аталган муундун балдары интерактивдүү китептерди, санариптик технологияларды жана геймификацияны артык көрүшөт.*

***Аннотация:*** *Цель данной статьи – исследование особенностей детей поколения Зет и Альфа, проблемы кибербуллинга в школьной среде, а также роли современной детской литературы в профилактике этой проблемы и обеспечении кибербезопасности. В качестве методов исследования используются аналитические и сравнительно-теоретические подходы, рассматриваются примеры из мировой детской литературы. Актуальность работы заключается в росте кибербуллинга среди детей, обусловленном влиянием цифровых технологий и социальных медиа, а также в необходимости использования современной детской литературы для решения данной проблемы. Исследование показало, что дети данной возрастной группы предпочитают интерактивные книги, цифровые технологии и геймификацию.*

***Annotation:*** *The purpose of this article is to explore the characteristics of Generation Zet and Alpha children, the issue of cyberbullying in the school environment, and the role of modern children's literature in preventing this problem and ensuring cyber safety. Analytical and comparative-theoretical methods are used, and examples from global children's literature are examined. The relevance of the study is emphasized by the increase in cyberbullying among children, influenced by digital technologies and social media, as well as the need to address this issue through modern children's literature. The research shows that children of these generations prefer interactive books, digital technologies, and gamification.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *зет мууну, альфа мууну, балдар адабияты, кибербуллинг, кибер коопсуздук, санариптик технологиялар, интерактивдүү китептер, геймификация.*

***Ключевые слова****: поколение зет, поколение альфа, детская литература, кибербуллинг, кибербезопасность, цифровые технологии, интерактивные книги, геймификация.*

***Key words****: generation zet, generation alpha, children's literature, cyberbullying, cyber safety, digital technologies, interactive books, gamification.*

**Киришүү.** Бүгүнкү күндө санариптик технологиялардын жана социалдык медиа-нын өнүгүшү балдардын социалдык чөйрөсү менен таанышуу процессин олуттуу өзгөрттү. Бул жаңы шартта Зет жана Альфа муундары өзгөчө көңүлдү талап кылат.

**Зет мууну** (болжол менен 1997-2012-жылдары туулган) санариптик дүйнөдө чоңойгон, интернет жана мобилдик технологияларга тез көнгөн, социалдык тармактарды активдүү колдонуп, мультимедиа жана визуалдык маалыматты артык көрөт. Алар билим алууда практикалык жана интерактивдүү материалдарды, геймификацияны жактырышат.

**Альфа мууну** (болжол менен 2013-жылдан баштап туулган) толугу менен цифралык чөйрөдө туулган биринчи муун болуп, планшет, смартфон жана интерактивдүү оюндар алар үчүн кадимки нерсе. Бул муундун балдары робототехника жана виртуалдык реалдуулук менен эрте таанышып, кыска көңүл буруу мөөнөтү жана визуалдык контентке жогорку кызыгуу менен айырмаланат. Мындай шартта мектеп чөйрөсүндөгү **кибербуллинг** маселеси жана балдардын онлайн коопсуздугу чоң актуалдуулукка ээ. Кибербуллинг деген эмне?

**Кибербуллинг** (онлайн-кодулоо) – бул социалдык тармактар, мессенджерлер жана оюндар аркылуу атайылап коркутуу, шылдыңдоо, жаманатты кылуу же куугунтуктоо. Бул технологияны колдонгон зомбулуктун түрү, шылдыңдаган билдирүүлөрдү жөнөтүү, ушак таратуу же купуя сүрөттөрдү уруксатсыз жарыялоо аркылуу жүргүзүлөт, бул көрүнүш көбүнчө өспүрүмдөрдүн арасында кеңири жайылган.

Кибербуллингдин негизги өзгөчөлүктөрү жана кесепеттери:

Түрлөрү: Калп маалымат таратуу, коркутуу, адепсиз комментарийлерди жазуу, жеке маалыматтарды жарыялоо, башкаларды зыяндуу билдирүүлөрдү жөнөтүүгө үндөө.

Кесепети: Жабырлануучунун депрессияга кабылуусу, ишенимдин жоголуусу жана суицидге чейин алып келүүсү мүмкүн.

Жашыруундуулук:

Агрессорлор жасалма аккаунттарды колдонуп, өздөрүнүн ким экенин жашыра алышат, бул аларды табууну кыйындатат.

«Кабар» кыргыз улуттук маалымат агенттигинин расмий сайтында 2026-жылдын 6-февралында жарыяланган К. Азарбекованын «Балдарды кибербуллингден кантип коргойбуз» аттуу материалында төмөнкүдөй маалыматтар берилген:

*«Кыргызстанда жалпысынан эки жарым миңге чукул мектепте 1,5 миллиондон ашуун окуучу окуйт. 2025-жылдын ноябрында өлкө боюнча 50 билим берүү мекемесинде зомбулук көйгөйү боюнча Улуттук изилдөө жүргүзүлгөн. Анын жыйынтыгында, биздин өлкөнүн өспүрүмдөрү арасында рэкетчилик, буллинг, гендердик стереотиптерге негизделген зомбулук жана кибербуллинг кеңири тараганы белгилүү болгон. Сурамжылоого катышкан окуучулардын дээрлик жарымы мектептеги зомбулуктун катышуучусу же күбөсү болгонун билдиришкен.*

*Изилдөөнүн бир багыты интернеттеги коопсуздукка арналган. Сурамжылоого катышкандардын ар бир бешинчиси классташтары тарабынан интернетте кемсинтүүгө, жек көрүндүгө кабылганын билдиришкен.*

*Изилдөө Акыйкатчы институтунун 2023-жылдагы мониторингинин жыйынтыгын дагы эске алган. Анда сурамжылоого катышкандардын дээрлик 70%ы социалдык тармактарда жектелип, кордолгонун билдиришкен. Ал эми 60%ы мессенжерлерде, өзгөчө Фейсбукта коркутуп-үркүтүүгө кабылганы аныкталган. Алар троллинг (43,9%), коркутуу жана акча талап кылуу (39,7%) жана жектеген комментарийлер (37,6%)»* [1, 1].

Кибербуллинг боюнча түрк изилдөөчүсү В. Байхан мындай дейт: *«Изилдөөлөр кибербуллингдин балдарга психологиялык жактан терс таасирин тийгизерин көрсөтүп турат. Чынында эле, кибербуллингге кабылгандар депрессия, кылмыштуу жүрүм-турум, баңги заттарды колдонуу, көңүлсүздүк, кайгыруу, ачуулануу, тынчсыздануу, мектептеги мотивациянын жоголушу, окуудагы ийгиликсиздик, мектептен качуу жана суицид сыяктуу көйгөйлөрдөн жапа чегип жатканы байкалган»* [2, 119].

**Изилдөөнүн максаты.** Зет жана Альфа муундарынын балдарынын өзгөчөлүктөрүн аныктоо, мектеп чөйрөсүндөгү кибербуллинг маселесин изилдөө жана заманбап балдар адабиятынын бул проблеманы алдын алууда

жана киберкоопсуздукту камсыздоодогу ролун талдоо. Изилдөө ошондой эле дүйнөлүк балдар адабиятынын мисалдары аркылуу бул муундарга билим берүүдө жана онлайн коопсуздукту колдоодо канчалык эффективдүү экенин анализдөөгө багытталган.

**Изилдөөнүн методдору.** Бул изилдөөдө аналитикалык жана салыштырмалуу-теориялык ыкмалар колдонулду. Аналитикалык ыкма аркылуу Зет жана Альфа муундарынын балдарынын өзгөчөлүктөрү жана кибербуллинг маселеси талданды.

**Изилдөөнүн мазмуну.** Бул илимий изилдөөдө Зет жана Альфа муундарынын балдарынын өзгөчөлүктөрү, кибербуллингде балдар адабиятынын ролу жана дүйнөлүк балдар адабиятынын мисалдары талданып, практикалык мааниси көрсөтүлөт.

Тилекке каршы, учурда кыргыз балдар адабиятында кибербуллинг тууралуу балдарга арналган чыгарма жарала элек болсо да, «MediaSabak» портал аркылуу балдарга маалымат берүүчү видеоматериалдардын бар экени кубандырды [3].

Кибербуллинг жана балдар адабияты – заманбап коомдогу маанилүү темалардын бири. Санарип технологиялар өнүккөн сайын балдардын жашоосунда интернет чоң орунду ээлеп турат. Ошол эле учурда виртуалдык мейкиндиктеги кордоо, мазактоо, кемсинтүү сыяктуу көрүнүштөр, башкача айтканда кибербуллинг, балдардын психологиясына терс таасирин тийгизүүдө. Мындай шартта балдар адабияты бул көйгөйдү түшүндүрүүнүн жана алдын алуунун натыйжалуу куралы боло алат.

Балдар адабияты – бул жөн гана көңүл ачуучу текст эмес, ал тарбиялык мааниге ээ көркөм дүйнө. Каармандардын башынан өткөн окуялар аркылуу бала өзүн, сезимдерин жана коомдогу ордун түшүнө баштайт. Эгер чыгармаларда кибербуллинг темасы чагылдырылса, бала интернеттеги туура эмес жүрүм-турумдун кесепеттерин көркөм мисал аркылуу аңдайт.

Ошондой эле балдар адабияты кибербуллингдин алдын алуу жолдорун да үйрөтө алат. Каармандар аркылуу интернет маданияты, бири-бирин урматтоо, жоопкерчилик, санарип коопсуздук сыяктуу түшүнүктөр берилет. Бала окуяны окуп жатып, өзүнүн аракеттери жөнүндө ойлонууга түрткү алат. Кибербуллинг менен балдар адабиятынын айкалышы – бул заман талабына жооп берген тарбиялык багыт. Көркөм текст аркылуу балага коопсуз интернет жүрүм-туруму, өзүн коргоо жолдору жана башкаларды сыйлоо маданияты жеткирилет. Демек, балдар адабияты санарип доорундагы социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө салым кошо ала турган маанилүү инструмент болуп эсептелет.

Изилдөөнүн негизги объекти катары заманбап дүйнөлүк үлгүлөрдүн бири катары саналган психологиялык жаатта тартылган «Кызыл бөлмө» серияларынын бириндеги Дуйгу аттуу кыздын кибербуллингге кабылган окуясы колго алынды. Окуянын кыскача мазмуну: *Түркиянын Стамбул шаарындагы жеке мектептердин биринде билим алып жаткан 15 жаштагы Дуйгу аттуу кыз 5-6 ай мурда социалдык тармактардын бирине катталат. Аз өтпөй 20 жаштагы Огузхан аттуу жаш жигит менен таанышат. Алгач бардыгы ойдогудай болот. Өсүп келе жаткан кызга каршы тараптан келген жагымдуу билдирүүлөр ага бактылуулук сезимдерди тартуулайт. Көп өтпөй Огузхан Дуйгудан майда акча сурап баштайт. Дуйгу бардар жердин кызы болгондуктан эч маселесиз берип коё берет. Кийинчерээк жигит кыздан сүрөтүн салуусун өтүнө баштайт. Кыз жаман ойлобостон, айрым сүрөттөрүн жөнөтөт. Кийинчерээк Огузхан чоң суммаларды талап кыла баштайт. Кыз бере албастыгын айтканда, кибербуллер кыздын сүрөттөрүн интернет айдыңына жаюу менен коркута баштайт. Дуйгу депрессияга кабылат. Апасынын кесиби адвокат, катаал, талапты катуу койгон аял болгондуктан кыз окуяны жашырат. Атасы болсо, дүйнөдөн кабары болбогон маңыроо адам.*

*Дуйгу барган сайын чөгүп, мектепке баруудан баш тартып, баалары төмөндөп, үйдө психологиялык кризис өкүм сүрөт. Акырында ата-эне Дуйгуну Кызыл бөлмөдө*

*эмгектенген өспүрүмдөр менен алектенүүчү психологго алып барат. Психолог иштин чоо-жайын уккан соң, ата-эне баяндаган маселенин түпкүрүндө чоң көйгөй жаткандыгын баяндайт. Окуянын акырында Дуйгу бул көйгөйдү ата-энесинин жана психологдун жардамы менен чечип, кибербуллерди мыйзам чегинде жазалоо үчүн тийиштүү мекемелерге кайрылуу чечими менен аяктайт* [4].

Кибербуллинг тууралуу жергиликтүү психолог Чолпон Сманова мындай дейт: – Кибер-буллингдин формалары: интернеттеги пост же сүрөттүн алдына жамандаган, кемсинткен, шылдыңдаган билдирүүлөрдү жазуу, анын сүрөттөрүн таратуу, о.э. курмандыктын сүрөтүн же анын катыштыгы бар видеону, ал жөнүндө бир маалыматты жайып жиберем деп коркуткан, акча же башка нерсе талап кылган билдирүүлөрдү жазуу.

Түрк изилдөөчүсү Эмел Баштүрк Акча кибербуллинг тууралуу макаласында: Кибербуллинг каалаган убакта, каалаган жерде, убакытка жана жерге карабастан болушу мүмкүн, ал салттуу куугунтукка караганда тезирээк жайылат жана жабырлануучунун качып кетүүгө мүмкүнчүлүгү аз болот [5, 4].

**Талкуу.** Зет жана Альфа муундагы балдарды кибербуллингден коргоо чараларын илимий изилдөөлөрдүн негизинде карай турган болсок, алар төмөнкүлөр:

**Кибербуллингден коргонуу чаралары.** Зет жана Альфа муундарынын кибербуллингден коргоо үчүн бир нече эффективдүү чаралар сунушталат:

1. Ата-энелер жана мугалимдердин билим деңгээлин жогорулатуу: Бул боюнча Г. Эсеналиеванын пикири мындайча*: «Анализ показал, что ключевыми факторами риска являются недостаточная цифровая грамотность участников образовательного процесса, ограниченность нормативного регулирования и слабая интеграция профилактических мер в школьную практику»* [6, с. 76].

2. Балдар менен ачык диалог жүргүзүү: Балдар менен онлайн чөйрөдө болгон коркутуулары, шылдыңдоолору жана кемсинтүүлөрү тууралуу ачык сүйлөшүү. Илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй, балдар менен кибербуллинг маселеси боюнча ачык жана түшүнүктүү сүйлөшүүлөр жүргүзүү алардын эмоционалдык жана психологиялык калыбына терс таасирди төмөндөтөт [7].

3. Интернет коопсуздугу боюнча билим берүү: Балдарга интернеттеги жеке коопсуздукту сактоо, социалдык тармактарда туура жүрүм-турумду жана жеке маалыматтарды коргоо принциптерин үйрөтүү керек. Мындан тышкары, маалыматтык анонимдүүлүктү жана жеке маалыматтарды коргоону үйрөтүү зарыл.

4. Техникалык каражаттарды колдонуу: Интернетте кибербуллингге каршы күрөшүү үчүн фильтрлөө жана мониторинг программаларын колдонуу абзел. Бул программалар ата-энелерге балдардын интернеттеги аракеттерин көзөмөлдөөгө жана зыяндуу контенттерди тосууга жардам берет. Мындан тышкары, интернет платформаларында балдардын коопсуздугун камсыз кылуучу фильтрлерди колдонуу дагы кибербуллингди алдын алууга көмөк берет.

5. Психологиялык жардам жана юридикалык колдоо: Кибербуллингге кабылган балдар үчүн психологиялык жардам берүү жана юридикалык жардам көрсөтүү керек. Бул чаралар балдардын эмоционалдык жана психологиялык абалын жакшыртууга, алардын кибербуллингден кийин кайгырып, күйзүлгөн маанайынан арылтууга жардам берет.

Ушул критерийлер боюнча заманбап балдар адабиятынын өкүлдөрүнөн заманбап чыгармаларды жаратуу сунушун киргизүүгө болот.

**Натыйжалар.** Бул изилдөөдө Зет жана Альфа муунунун балдарынын кибербуллингге каршы туруктуулугун жана заманбап балдар адабиятынын ролу теориялык жана практикалык жактан каралды. Анализ балдардын онлайн чөйрөдө жана социалдык тажрыйбаларында кибербуллингдин пайда болушуна таасир эткен факторлорду түшүнүүгө багытталды.

Зет жана Альфа муунунун балдары санариптик платформаларда активдүү катышуусу

менен айырмаланышат. Балдардын эмоциялык туруктуулугу, санариптик сабаттуулугу жана социалдык көндүмдөрү алардын кибербуллингге туруштук берүү жөндөмүнө таасир этет.

Социалдык-үйрөнүү теориясынын негизинде балдар онлайндагы чоңдордун, теңтуштардын жана адабияттагы персонаждардын жүрүм-турумун байкоо аркылуу үйрөнүшөт. Мындай моделдөө агрессияга каршы жана позитивдүү жүрүм-турум көндүмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Заманбап балдар адабияты балдарга эмпатияны, социалдык баалуулуктарды жана конфликтти туура жөнгө салууну үйрөтө турган практикалык инструмент катары кызмат кылат.

Практикалык жактан, кибербуллингди алдын алуу программалары балдардын жеке сапаттарын өнүктүрүү, ата-энелер менен мугалимдердин колдоосун камсыз кылуу жана онлайн платформалардын коопсуздук эрежелерин колдонуу менен эффективдүү болот. Заманбап балдар адабияты бул процессте балдарга эмоционалдык жана социалдык көндүмдөрдү өздөштүрүүгө жардам берет, ошондой эле позитивдүү онлайн жүрүм-турумду бекемдөөгө мүмкүнчүлүк түзөт. Зет жана Альфа муунунун балдарын кибербуллингден коргоо үчүн комплекстүү ыкма зарыл. Теориялык негиз катары социалдык үйрөнүү модели жана практикалык инструмент катары заманбап балдар адабияты эффективдүү болуп саналат.

**Корутунду.** Зет жана Альфа муундарындагы балдар үчүн кибербуллингди алдын алуу жана ага каршы күрөшүү ар кандай тармактардагы – ата-энелердин, мугалимдердин, коомдук уюмдардын жана укук коргоо органдарынын тыгыз кызматташтыгын талап кылат. Бул чөйрөдө билим берүү, ачык диалог, техникалык чараларды колдонуу жана психологиялык колдоо балдардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн маанилүү. Социалдык-экологикалык жана жоопкерчилик теориялары негизинде кабыл алынган чаралар, балдарга интернеттин зомбулуктан, кемсинтүүдөн жана шылдыңдоодон корголушун камсыздайт. Мындан сырткары, заманбап балдар адабияты кибербуллинг маселесин активдүү түрдө колго алса, балдарга эмпатияны, социалдык баалуулуктарды жана конфликтти туура жөнгө салууну үйрөтө турган практикалык инструмент катары кызмат кылаары анык.

***Адабияттар:***

1. Азарбекова К., Балдарды кибербуллингден кантип коргойбуз? – Бишкек, 2026. – [Электронный ресурс]: https://www.kabar.kg/news/baldardy-kiberbullingden-kantip-korgojbuz
2. Bayhan V. Z Kuşağı Lise Gençlerinde Sosyal Medya Bağımlılığı ile Siber Zorbalık ve Siber Mağduriyet Deneyimleri, 2020. № 12, 117.s. [Электронный ресурс]: https://izlik.org/JA44WW68YP
3. Травля, кибербуллинг. Видео-урок [Электронный ресурс] https://www.youtube.com/@mediasabak2758
4. Baştan Sona Duygu'nun Hikayesi. 2024. – [Электронный ресурс] Kırmızı Oda: https://www.tv8.com.tr/kirmizi-oda
5. Akca E.B., Sayımer İ., Siber Zorbalık Kavramı, Türleri ve İlişkili Olduğu Faktörler: Mevcut Araştırmalar Üzerinden Bir Değerlendirme. – 2017. 4.s.
6. Эсеналиева Г.А., Ибраимова Г.У. Кибербезопасность школьников в Кыргызстане как социально-педагогическая проблема // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2025. – №3 (65). – С. 72-77.
7. Эсеналиева Г.А. Кибербезопасность в системе образования / *Alatoo Academic Studies.* – Б., 2022. – № 1. – С. 171-180.

***Рецензиялаган:***

***Рысбаев С.К.,***
***КББАнын мүчө-корреспонденти,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***